КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) XI сессиясы**

# Токтом № 42

**Сүлүктү шаары** **18-март 2022-жыл**

Сүлүктү шаарынын Товарная көчөсүндөгү жайгашкан «Бакай» жеке менчик имаратын сатып алууга макулдук берүү жөнүндө

Сүлүктү шаардык мэриясынын 2022-жылдын 14-мартындагы №01-12/02-231 чыгыш сандуу Сүлүктү шаарынын 2022-жылдын сметасындагы шаардык мэриянын алдындагы мунципалдык менчик бөлүмүнүн 3111 статьясындагы 7370,0 (жети миллион үч жүз жетимиш миң ) сом акча каражатынын 6,0 млн 300,0 (алты миллион үч жүз миң) сомуна Товарная көчөсүндөгү жайгашкан «Бакай» жеке менчик имаратын сатып алууга макулдук берүү жөнүндөгү каты боюнча шаардык кеңештин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап 20.10.2021ж. №123 Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин негизинде депутаттардын Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарынын 2022-жылдын сметасындагы шаардык мэриянын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн 3111 беренесинен 6,0 млн 300,0 (алты миллион үч жүз миң) сом акча каражатына Товарная көчөсүндөгү жайгашкан «Бакай» жеке менчик имаратын сатып алууга макулдук берилсин

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага : - К.Мадаминов

Сүлүктү шаардык кеңеши
Катталд 01-264 Баракта
18 03 2022 г
Канцелярияга кайтып